Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№01 (240) 2026-жыл, январь    Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# ЭМГЕК БААЛАНГАН ЖЕРДЕ ЧАРЧОО СЕЗИЛБЕЙТ



6-7-бет

## Билим менен эмгектин айкалышы




8-9-бет

## Тандоом көз карашымды өзгөрттү



14-15-бет

# СҮЙҮҮ, ТАГДЫР ЖАНА УЛУТТУК РУХ:
# БИР ДООРДУН АҢЫЗЫ ЖОЛБОЛДУ АЛИБАЕВДИН ЛИРИКАЛЫК-ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ЭСТЕТИКАСЫ




Кыргыз профессионалдык жана салттуу музыкасынын өнүгүү тарыхында Жолболду Алибаев өзгөчө орунду ээлейт. Атабыз - салттуу ырчылык менен автордук обончулукту органикалык айкалыштырган, лирикалык темаларды эпикалык кеңдикте иштеп чыккан, улуттук маданияттын ички мыйзам ченемдүүлүктөрүнө таянуу менен бирге дүйнөлүк музыкалык процесстин типологиялык өзгөчөлүктөрү менен да үндөш чыгармачыл феномен. Жолболду Алибаевдин чыгармачылыгы ырчы-аткаруучу, обончу, дастанчы, санатчы жана педагог катары көп кырдуу мүнөзгө, синкреттүүлүккө ээ болуп, кыргыз музыкасынын көркөм-эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө олуттуу салым кошкон.

## I. Жолболду Алибаев - салттуу ырчылык мектептин улантуучусу

Жолболду Алибаевдин чыгармачылык стили кыргыз салттуу ырчылык мектебинин көрүнүктүү өкүлдөрү - Атай Огонбаев, Муса Баетов, Шекербек Шеркулов, Рысбай Абдыкадыров калыптандырган эстетикалык принциптерге таянат. Бул мектепке кең диапазондогу вокалдык мүмкүнчүлүк, текстке өзгөчө маани берүү жана импровизациялык башталыштын үстөмдүгү мүнөздүү. Алибаев салтты кайталоо менен чектелбестен, аны заманбап автордук ой жүгүртүү менен байытып, элдик форманы жогорку көркөм деңгээлге көтөрө алган. Бул жагынан алганда, аны улуттук музыкалык салтты профессионалдык деңгээлге чыгарган Рабиндранат Тагор (Индия) же Амир Хосров Дехлеви сыяктуу инсандар менен типологиялык салыштырууга болот.



## II. «Чолпонум» феномени: сүйүү темасынын эпикалык интерпретациясы

Жолболду Алибаевдин чыгармачылыгындагы эң көрүнүктүү чыгармалардын бири - 290 саптан турган «Чолпонум» аттуу автордук дастаны. Бул чыгарма кыргыз музыкалык маданиятында сейрек кездешкен көрүнүш болуп, сүйүү темасын лирикалык деңгээлден философиялык-эпикалык кеңдикке чыгарат.

«Чолпонумда» сүйүү жеке сезим катары эмес, адам тагдырына таасир эткен руханий күч катары интерпретацияланат. Музыкалык формасы боюнча чыгарма дастандык структурага ээ болуп, кыргыз оозеки поэзиясынын салттуу логикасы менен автордук композициянын синтезин түзөт. Бул жагынан алганда, аны Франц Шуберттин



вокалдык циклдери же Низами Гянджевинин сүйүү эпостору менен салыштыруу негиздүү.

## III. Индивидуалдашкан образ жана автордук аталыш маданияты

Жолболду Алибаевдин чыгармачылыгындагы өзгөчө белги - сүйүү образын жалпылабастан, атын атап, конкреттүү инсанга арнап ырдоо ыкмасы. Бул ыкма: чыгарманын чындыкка жакындыгын күчөтөт, автор менен каарман ортосундагы чек араны жоёт, музыкалык текстти автобиографиялык деңгээлге көтөрөт.

Дүйнөлүк практикада мындай ыкма Боб Дилан, Жак Брель сыяктуу автор-аткаруучуларга мүнөздүү. Алибаев да ЖЕКЕ

*(Уландысы кийинки бетте)*

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

турмуштук тажрыйбаны универсалдуу көркөм формага айланта алган.

## IV. Поэтикалык мурастарды музыкалаштыруу жана жаңыча боё

Жолболду Алибаев Жеңижок, Барпы, Коргоол, Молдо Нияз, Нурмолдо, Калыгул сыяктуу улуу акындардын тексттерин музыкалаштыруу аркылуу алардын поэтикалык мурасына жаңы көркөм дем берген. Ал тексттин ички ритмин так сактап, поэтикалык образды вокалдык интонация аркылуу тереңдетип, сөз менен обондун органикалык биримдигин түзө алган.

Анын репертуарында Барпы Алыкуловдун сөзүнө жазылган «Өзгөчөм», «Мырзайым», «Буракжан», Жеңижоктун «Көк сулуу», Корголдун «Сен, сен дүйнө», Молдо Нияздын «Даткайым», элдик «Акжамал» жана башка ыр-дастандар өзгөчө орунду ээлейт. Калыгулдун «Тар заманын» ырчылардын ичинен алгачкылардан болуп эл алдына алып чыгышы - анын жарандык позициясын да айгинелейт.

## V. Автордук термелердеги жарандык жана философиялык идеялар

Жолболду Алибаевдин автордук термелеринде улуттук биримдик, тарыхый эс тутум жана руханий жоопкерчилик маселелери көтөрүлөт. Мисалы, «Айрылышпа кыргыздар, айрылышпа» аттуу термесинде элдик тагдыр философиясы төмөнкүдөй поэтикалык формада берилет:

«Ээн талаа эрме чөл, белге сиңип,
Эрип кардай этегиң жерге сиңип.
Эр Манасың болбосо, ошондо эле,
Эл болуудан калмаксың элге сиңип».

Бул саптарда "Манас" эпосу кыргыз улуттук идентүүлүгүнүн негизги тиреги катары символдоштурулуп, элдик тарых менен бүгүнкү күндүн ортосунда руханий байланыш түзүлөт.

Ошондой эле, замандашы, Кыргыз Республикасынын эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Анатай Өмүркановго арнаган ырында Алибаев чыныгы акындык принциптерди - чындыкка берилгендикти, арзан атактан жана материалдык кызыкчылыктан баш тартууну - жогорку нравалык категория катары: " ...Чындыктан бүткөн ырлары,

Чыйрыктырды көптөрдү.
Туура сөздөн адашып,
Турмуштун көзүн ойгон жок.
Туйтунган арам акчага,
Тууганчыл акын болгон жок.



Чырмалышып жалганга,
Чындыктын көзүн ойгон жок.
Жетишкен жеңил атакка,
Жердешчил акын болгон жок..." - деп баалайт.

## VI. Педагогикалык жана аткаруучулук ишмердүүлүк

2000-жылдан бери Жолболду Алибаев Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинде окутуучу, профессор болуп эмгектенип келет. Ошондой эле ал Р. Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясынын артисти катары активдүү чыгармачылык иш жүргүзүп, 100гө жакын обондорду жараткан. Кыргыз улуттук «Манас» театрында Жолболду Алибаев атындагы дастанчылар классында дагы устаттыкты аркалап келет. Анын «Караматхан», «Сүйгөнүмө» сыяктуу ондогон чыгармалары Кыргыз радиосунун «Алтын казынасына» жазылып алынган. «Гүлазык», «Чолпонум» аттуу ыр жыйнактары, ошондой эле ыр, санат, дастан, термелерден турган эки автордук жыйнагы жарык көргөн. Соңку жылдары даңазасы артып жаткан "Дана кыз" ырына арналган чыгармалар жыйнагы дагы академик Абдылдажан Акматалиев агайдын башкы редакторлугунда жарык көрдү.

Жолболду Алибаев - кыргыз улуттук музыкасынын локалдык чегинен чыгып, дүйнөлүк маданий процесстин мыйзам ченемдүүлүктөрү менен шайкеш келген көп кырдуу чыгармачыл феномен. Анын мурасы салт менен жаңычылдыктын, жеке тагдыр менен улуттук рухтун органикалык биримдигин чагылдырат. Ошондуктан Жолболду Алибаевди бир доордун аңызы катары гана эмес, кыргыз музыкалык маданиятынын универсалдуу баалуулугу катары баалоо илимий жактан негиздүү.

Бар болуп, кылым жашаңыз АҢЫЗ аксакал!

Менчик майрамыңыз куттуу болсун! Элиңиз үчүн эсен кылсын Жараткан!









**Азиз Биймырза уулу**

# БИЗДИН ЭЖЕКЕ

Ардактуу студенттер, биздин университеттин эң маанилүү тиреги — бул бизге билим берген, жол көрсөткөн жана шыктандырган мыкты окутуучулар. Аялдар кеңеши сиздерге өз ишине берилген, талыкпай эмгек кылган жана кесипкөйлүгү менен айырмаланган эжекелерибизди даңазалоо үчүн "БИЗДИН ЭЖЕКЕ" аттуу жаңы жана кызыктуу рубриканы тартуулайт!

Бул рубрикада ай сайын университеттин рейтинг системасы боюнча эң жогорку баллга ээ болгон, билим берүүдө мыкты көрсөткүчтөрдү жараткан алдыңкы эжекелер жөнүндө кенен жарыяланып турат. "БИЗДИН ЭЖЕКЕ" аркылуу аялдардын билим берүү тармагындагы күчүн жана таасирин даңазалап, ийгиликтүү аялдардын образын жаратууну көздөйбүз!

## УМУРБЕКОВА ТОКТАЙЫМ АКАЕВНА

**Педагогика илимдеринин кандидаты, ОшМУнун психология кафедрасынын доценти, индустриалдык-педагогикалык колледждин педагогикалык-психологиялык дициплиналар циклынын окутуучусу, мектепке чейинки билим берүү боюнча эксперт.**



Умурбекова Токтайым Акаевна 1976-1980-жылдары Ош педагогикалык окуу жайында «Мектепке чейинки тарбия» адистигинде, 1980-1984-ж. В.В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер désinstitутунун педагогика факультетинде «Педагогика жана психология (мектепке чейинки)» адистигинде окуп, аталган окуу жайларды артыкчылык дипломдору менен аяктаган. Ал эми 1997-2000-жылдары Ош МУнун юридикалык факультетинин юриспруденция адистигин бүтүргөн.

2013-жылы 22-мартта И.Арабаев атындагы КММУнун алдындагы “Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы” диссертациялык кеңеште «Мектеп жашына чейинки балдардын дене тарбиясында кыргыз фолькорун колдонуунун педагогикалык негиздери» (шифр - 13.00.01) деген темада кандидаттык дисертациясын коргоп, КРнын ЖАКнын чечими менен педагогика илимдеринин кандидаты даражасын алган (прот. №8к 1/31 31.10.2013-ж.).

Илимпоз катары чыгармачылык менен эмгектенип, үзгүлтүксүз республикалык жана эл аралык илимий конференцияларга катышып келет, 30дан ашуун илимий макала, 5 методикалык колдонмосу жарык көргөн.

Биздин эжеке бир нече конкурстардын женүүчүсү: 2001-жылы “Окутуунун жаңы технологиялары” (1- орун), 2006-жылы “ОшМУнун мыкты методисти” (1-орун), 2021-жылы “ОшМУнун мыкты лектору” (1-орун) конкурстарынын женүүчүсү болуп 1-даражадагы дипломдорго ээ болгон.

Окуу-тарбиялык, илимий-изилдөө жана коомдук иштердеги жетишкен ийгиликтери үчүн 2011-ж. КРдын Билим берүү жана илим Министрлигинин Ардак Грамотасы, 2016-жылы “КРнын билим берүүнүн отличниги”, 2021-жылы “ОшМУнун эмгек синирген ишмери” төш белгилери, көптөгөн Ардак Грамоталар жана Ыраазычылык каттар менен сыйланган.

ОшМУга (мурдагы Ош мамлекеттик педагогикалык институту) 1988-жылы апрель айында окутуучулук кызмат ордуна кезектеги конкурстук шайлоонун негизинде келген, жалпы эмгек стажы 42, ал эми ОшМУда 38 жыл.

Алгач педагогика факультетиндеги ”Башталгыч билим берүүнүн жана мектепке чейинки тарбиянын педагогикасы” кафедрасына окутуучу, 1995-2000 жылдары аталган кафедрада улук окутуучу болуп иштеген. Ал эми 2000-жылдан бери психология кафедрасында улук окутуучу, 2013-жылдан бери кафедранын доценти кызматын аткарып келе жатат.

1999-жылы ОшМУда жаңыдан уюштурулган философия жана башкаруунун технологиялары факультетиндеги психология адистигинде студенттердин медициналык, билим берүү жана юридикалык мекемелердеги практикасын жетектеп, адистиктин өнүгүүсүнө чон салым кошкон.

2000-2017-жылдары окуу жайдын медицина, тарых, математика, физика жана информатикалык технологиялар факультеттеринде “Жалпы психология”, “Курак жана педпсихология”, “Социалдык психология”, “Атайын психология жана коррекциялык педагогика” сабактарынан лекция окуп, студенттердин аталган сабактар боюнча олимпиадаларга катышуусуна, илимий макалаларды жазуусуна жетекчилик иштерин аткарып келди. Азыркы учурда психология адистигиндеги студенттерге жана магистрлерге “Психология” циклындагы сабактарынан лекция окуйт, магистранттарга илимий жетекчилик иштерин алып барат.

Токтайым Акаевна педагог/психолог катары тынымсыз окуп-үйрөнүү менен алектенет. Алсак, Кыргыз мамлекеттик медициналык академиянын алдындагы алдындагы окутуучуларды кайра даярдоо жана билимин өркүндөтүү институнда «Психотерапия», «Медициналык психология жана психиатрия» боюнча 3 айлык курстар, Казакстандын Павлодар шаарындагы Казакстан республикалык наркологиялык борборунда «Наркологиядагы психологиялык консультация» боюнча 1 айлык атайын курстардан өткөн. 2003-2013-жылдары Ош облосттук наркологиялык борбордун өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүндө психолог-консультант кызматын аткаруу менен Ош шаарындагы ар кандай кооптуу топтордо каттоодо турган өспүрүмдөр жана алардын ата-энелерине психологиялык кенештерди берип, жогорку класстагы мектеп окуучулары үчүн психоактивдүү заттарды колдонуунун алдын алуу боюнча атайын декцияларды окуп, психологиялык профилактикалык иштерди жүргүзүүгө өз салымын кошуп келди.

Биздин эжеке көп кырдуу, өз ишин мыкты билген кесипкөй адис катары ОшМУда эле эмес, Кыргызстанда да белгилүү. Кайсыл жерде иштебесин, ар кандай ишти мыкты уюштура билген, жоопкерчилик менен

*(Уландысы кийинки бетте)*

НУР
Жаштык бул - ЖИГЕР!
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

мамиле жасаган, тил билги, көрөгөч, жөнөкөй мүнөзү менен элге жаккан инсан. Ал билим берүү боюнча улуттук тренер, эксперт катары Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүүсүнө чон салым кошуп келе жатат. Буга далил катары эжекенин бир нече уюмдар менен иштешкендигин айтууга болот.

Алсак, 2013-2016-жылдары негизги доценттик кызмат менен бирге эле окуу жайдын «Зирек» мектепке чейинки билим берүү борборунун директору болуп эмгектенди. 2013-жылдын октябрь айында ОшМУнун алдында "Зирек" мектепке чейинки билим берүү борборун уюштуруп, наристелер үчүн эң сонун шарты бар, стандартка жооп берген, заманбап жабдуулар менен жабдылган, жаркыраган бала бакчаны уюштурган. Жетекчи катары бала бакчанын жаныдан түзүлүп, түптөлүшүнө түздөн-түз салым кошту. Бала бакчада таалим-тарбия жана окуу-усулдук иштерин уюштуруп, тарбиячылардын кесиптик билимин өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл бурду.

Ал эми 2017-жылы 31-августтан ОшМУда жаны уюштурулган индустриалдык-педагогикалык колледжинде педагогикалык-психологиялык дисциплиналар циклын жетектеп, окутуучулар коллективин түзүп, колледждин өнүгүүсүнө, окуу-тарбия иштеринде ийгиликтерге жетишүүгө өз салымын кошуп келе жатат. Айрыкча мектепке чейинки жана башталгыч класстарда окутуу адистиктерин даярдоодо мамлекеттик стандарт, негизги кесиптик билим берүү программаларв (НКББП), окуу пландарын иштеп чыгуу, студенттердин практикаларын, окутуучулардын билимин өркүндөтүү иштерин уюштурууга жакындан көмөк көрсөтүп турат.

2021-2025-жылдары Азия Өнүктүрүү Банкынын "Секторду өнүктүрүү: инклюзивдик билим берүү" долбоорунун алкагында ИПКда окутуучулардын билимин өркүндөтүү жана кайра даярдоо бөлүмүн жетектеп, Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын окутуучулары үчүн атайын курстарды уюштуруу менен окуу жайдын каржы куржунуна 2,68 млн сом киреше кошо алды.

Ал эми 2021-жылы ИПКда көп тилдүү билим берүү боюнча координатор катары КРнын ББИМ менен эл аралык ЕвроСоюздун "Көп тилдүү билим берүү" программасынын алкагында өткөрүлгөн "Орто кесиптик окуу жайларында көп тилдүү билим берүү боюнча окуу пландарын иштеп чыгуу" конкурсунда 2-орунду ээлеп, 2-даражадагы диплом менен сыйланган. Бүгүнкү күндө ИПКда мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү адистигинде бир нече эксперименталдык группалар көп тилдүү билим берүү программасы боюнча окуп жатышат, 80ден ашык окутуучу КТББ боюнча (CLIL методикасы) 72 сааттык билимди өркүндөтүү курстарынан өтүшкөн.

2025-жылы ИПКнын Кыргызстандагы орто кесиптик окуу жайлардын арасындагы болуп өткөн конкурста 54 колледжден 1-орунга ээ болуусунда да Токтайым Акаевнанын салымы чон, себеби конкурстун критерийлердин катарында долбоорлор менен иштөө, каржылоо маселелери да болгон.

Токтайым Акаевна илимпоз катары республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда активдүү катышат. Академиялык мобилдүүлүктүн алкагында республикалык жана эл аралык (Турция, Казактсан, Өзбекстан) окуу жайларда тажрыйба алмашып келет.

Умурбекова Токтайым Акаевна өзүнүн педагогдук кесибин артыкча сүйгөн, ар тараптан өнүккөн идеяларга бай, чыгармачыл педагог/психолог. Эжеке билим берүү жаатында талыкпай эмгектенип, студенттерге билим берип, алардын ийгиликтүү кесип ээлери болуусуна жол көрсөтүп келе жатат. Анын пикири боюнча өз кесибин сүйүп, барчылыктын баркына жетип, ата-энени сыйлап, мекенге кызмат өтөп жашоо керек. Адис катары балада эрте куракган өзүн таанып билүү, жакшы мамиле түзүү, туура жүрүм-турум, өз алдынча окуп-үйрөнүү, алдыга умтулуу, изденүү, адамдарга болгон ишеним, жоопкерчилик көндүмдөрүн калыптандыруу керектигин эскертет.

Ал эми кесиптик ишмердиктеги ийгиликтер жакшы мугалим сыяктуу жакшы жетекчиге, жакшы коллективге байланыштуу экендигин баса белгилейт.



## ЗАЛОВА ТАЗАГҮЛ БАЙЫШБЕКОВНА

### Медицина илимдеринин кандидаты, кардиолог, «Ички оорулар пропедевтикасы жана факультативдик терапия» кафедрасында окутуучу

Мен, Залова Тазагүл Байышбековна, 1982-жылы 29-ноябрда Ош шаарында туулганмын. 1989–1999-жылдары Кара-Суу шаарындагы Манас атындагы орто мектепти өзгөчө үлгүдөгү (кызыл) аттестат менен бүтүрүп, ошол эле жылы Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ) медицина факультетине тапшырдым. Аталган окуу жайды 2005-жылы ийгиликтүү аяктадым.

2005–2007-жылдары клиникалык ординатурада билим алып, «кардио-ревматолог» адистигине ээ болдум. 2008-жылы ОшМУнун медицина факультетинин «Биохимия, фармакология жана физиология» кафедрасына окутуучу болуп кабыл алынып, педагогикалык ишмердүүлүгүмдү баштадым. 2012-жылдан тартып «Ички оорулар пропедевтикасы жана факультативдик терапия» кафедрасында иштеп келе жатам.

2022-жылдын декабрь айында «Эссенциалдык гипертензия менен ооруган адамдарда шишик некрозунун альфа факторунун жана интерлейкин-10дун жүрөктү ремоделдөө жана каротиддик артериянын атеросклероздук бляшкаларынын ультра үн мүнөздөмөлөрү менен өз ара байланышы» деген темада кандидаттык диссертациямды ийгиликтүү жактап, «кардиология» адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болдум. 2024-жылдан бери доценттин милдетин аткаруучу кызматында иштеп келем.

2010-жылдан бери кардиолог катары бейтаптарды дарылоо менен алектенем. Иш тажрыйбамда «Ош Кардио», «Кардио Азия» медициналык клиникаларында иштегем, учурда «Евроклиникада» бейтаптарды кабыл алуу менен бирге студенттерге клиникалык, биохимиялык жана инструменталдык изилдөөлөрдү, дарылоонун ыкмаларын практика жүзүндө үйрөтүп келем. 2018-жылы «жогорку категориядагы дарыгер-кардиолог» наамына ээ болдум.

40тан ашуун илимий макаланын авторумун, алардын ичинде Scopus жана Web of Science базаларына кирген эл аралык публикациялар бар. Кесиптик деңгээлимди жогорулатуу максатында көптөгөн семинарларга жана тренингдерге катышып, тиешелүү сертификаттарга ээ болдум. Ошондой эле эл аралык илимий конференцияларда баяндама жасап, изилдөөлөрүмдүн жыйынтыктарын үзгүлтүксүз сунуштап келем. Студенттер менен биргеликте жазган макалаларым илимий журналдарда жарык көргөн.

Окутуу процессинде заманбап технологияларды, анын ичинде «ДИМЕДУС» көп тармактуу университеттик виртуалдык клиникасын кеңири колдоном. 2025-жылы студенттер үчүн «Жүрөк кемтиктери» жана «Өпкөнүн жана плевранын ириңдүү оорулары» аттуу окуу куралдарым жарыкка чыкты.

**Гулнара Сейиткaзыева**

# ЭМГЕК БААЛАНГАН ЖЕРДЕ ЧАРЧОО СЕЗИЛБЕЙТ





Кыргызстанда спорт тармагында, айрыкча эркектер үстөмдүк кылган машыктыруучулук чөйрөдө аял катары ийгиликке жетүү ар кимдин эле колунан келе бербейт. Бирок кесипкөйлүк, тартип жана туруктуулук менен бул тоскоолдуктарды жеңип, өз ордун тапкан айымдар бар. Алардын бири – Ош мамлекеттик университетинин волейбол боюнча кыз-келиндер курама командасынын башкы машыктыруучусу Нурзат Ысмаилова.

Спорт жана билим берүү тармагында үзүрлүү эмгектенип келе жатканына быйыл 25 жыл болду. Ал жетектеген «Университет» кыз-келиндер клубу өлкөнүн үч жолку чемпиону аталып, Кыргыз волейбол федерациясынын президентинин кубогун төрт жолу жеңип алган. Бул маекте биз Нурзат Ысмаилованын спорттогу жолу, машыктыруучулук философиясы жана жаштарга болгон ишеними тууралуу сөз кылабыз.





***— Нурзат, саламатсызбы? Өзүңүз тууралуу кыскача айтып берсеңиз.***

— Мен 1985-жылы 14-январда Ош облусунун Алай районундагы Согонду айылында туулгам. 2001-жылы Сарбан Жаанбаев атындагы орто мектепти аяктап, Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун дене тарбия бөлүмүнө тапшырып, дене тарбия мугалими адистигине ээ болдум.

2004-жылы Ош облусунун волейбол боюнча курама командасынын мүчөсү болдум. 2007–2009-жылдары ОшТУнун дене тарбия кафедрасында окутуучу болуп иштедим. Ал эми 2011-жылдан бери Ош мамлекеттик университетинин педагогика жана дене тарбия факультетинин факультеттер аралык дене тарбия кафедрасында окутуучу болуп эмгектенип, ошол эле мезгилден тартып ОшМУнун волейбол боюнча кыз-келиндер курама командасынын башкы машыктыруучусу болуп келе жатам.

***— Сиз бүгүн спортто өз ордун тапкан машыктыруучусуз. Бул жол кайсы жерден башталган?***

— Бул жол менин бала чагымдан, Согонду айылындагы мектептен башталган. Спортко болгон кызыгуум эрте ойгонгон. Жаштайымдан шамдагай, кыймылдуу болчумун. Алгач жеңил атлетика менен машыксам, 8-класстан тартып волейболго олуттуу кириштим. Ошол мезгилден баштап спорт менин жашоомдун ажырагыс бөлүгүнө айланды.

***— Балалыктагы кайсы окуя бүгүнкү кесибиңизди тандап алууга түрткү берди?***

— Мектептеги дене тарбия мугалимим Толкун эжекенин таасири чоң болду. Анын адамдык сапаты, өзүнө болгон ишеними жана кесипкөйлүгү биз үчүн чоң үлгү эле. Ошондо «мен да ушундай мугалим, ушундай машыктыруучу болсом» деген кыял жаралган. Бүгүн ошол кыялымды ишке ашырып келе жатам.

***— Волейбол Сиз үчүн спорт эле эмес, кесипке айланды. Бул тандоо оңой болдубу?***

— Албетте, оңой болгон жок. Волейбол чоң тартипти, үзгүлтүксүз эмгекти талап кылган спорт. Бирок мен бул жолду аң-сезимдүү тандадым. 2004-жылы облус курама командасынын курамында ойноп

(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

жүрүп, спорттогу жоопкерчиликти жана атаандаштыкты терең түшүндүм. Бул тажрыйба мени машыктыруучулукка даярдады.

***— Кыргызстанда аял машыктыруучу болууну кандай баалайсыз?***

— Бул чоң жоопкерчилик. Спорт чөйрөсүндө эркектер басымдуу. Ошондуктан өз ордуңду сөз менен эмес, эмгек жана жыйынтык менен далилдешиң керек. Убакыт өткөн сайын жасаган ишиң өзү сүйлөйт.

***— Кыз-келиндер менен иштешүүнүн эң татаал жагы эмнеде?***

— Кыздардын психологиясы назик. Айрым учурда турмуштук маселелер оюнга таасир этет. Машыктыруучу катары мен тактиканы үйрөтүү менен чектелбестен, аларды угуп, түшүнүүгө да милдеттүүмүн.

***— Команданы жеңишке жеткирүүдө сиз үчүн өзгөрбөс принцип барбы?***

— Ооба, бар. Тартип жана өз ара сый-урмат. Командалык оюнда жеке кызыкчылыктан мурда команданын максаты турушу керек. Тартип жок жерде туруктуу жеңиш болбойт.

— Окуу жай тарабынан «Университет» кыз-келиндер клубундагы спортчуларга кандай колдоолор көрсөтүлүп келет?

— Университет тарабынан бизге ар тараптуу колдоолор көрсөтүлүп келет. Эң негизгиси курама командага кирген студенттер үчүн келишимдик төлөмдөр боюнча жеңилдиктер, стипендиялар, ошондой эле жатаканага жайгаштыруу маселелеринин чечилиши спортчулар үчүн чоң дем берет. Бул колдоолор студенттердин окуу менен спортту айкалыштыруусуна мүмкүндүк берип, аларды социалдык жактан да, моралдык жактан да бекемдейт. Натыйжада спортчулар майда турмуштук маселелерге алаксыбай, толугу менен машыгууга жана мелдештерге даярданууга көңүл бура алышат. Университеттин мындай системалуу колдоосу команданын туруктуу өсүшүнө жана жогорку жыйынтыктарга жетишине түздөн-түз таасир этип келет деп айта алам.

***— Сиз алган «Спорт чебери», «Дене тарбия жана спорттун отличниги» наамдары эмгегиңиздин жыйынтыгы. Мындан ары кайсы бийиктикти көздөйсүз?***

— Алган ар бир наам – жоопкерчилик. Кийинки максатым – «Эмгек сиңирген машыктыруучу» наамына жетүү. Учурда керектүү нормативдерди толтуруп жатам.

***— Эне, машыктыруучу жана окутуучу болуу үч башка дүйнө. Бул ролдорду кантип айкалыштырып келесиз?***

— Кээде эне катары өзүмдү күнөөлүү сезген учурлар болот. Балдарыма жетиштүү убакыт бөлө албай калам. Бирок жолдошумдун колдоосу болбосо бул жүктү




көтөрүү мүмкүн эмес эле. Үй-бүлөнүн түшүнүүсү менин эң чоң жеңишим.

***— Балдарыңыз спортко кандай мамиле кылышат? Алардын тандоосуна таасир этесизби же эркине коёсузбу?***

— Жок, тандоону өздөрү жасашты. Биз спортчу үй-бүлөбүз, бирок балдарым волейболду эмес, футболду тандашты. Азыр эки уулум тең Ош шаарынын командасында өз курактарында U15,U17 де негизги оюнчу болуп ойношот. Улуу уулум Дамирлан футбол боюнча спорттун чеберине талапкер.

***— Жаш спортчу кыздарга бүгүнкү күндүн талабына ылайык кандай кеңеш берет элеңиз?***

— Спорт менен чектелип калбастан, билим алууну да унутпагыла дээр элем. Ден соолук, билим жана өзүнө кам көрүү келечектеги ийгиликтин ачкычы болот.

***– Кыргыз волейболунун келечегин кандай элестетесиз?***

– Акыркы жылдары жакшы жылыштар бар. Кыздарыбыз Азия кубокторуна катышып, чемпиондукка жетише баштады. Бул чоң үмүт жаратат.

**Журналисттин сөзү:** *Нурзат Ысмаилованын өмүр жолу спортто ийгилик кокустуктан эмес, талыкпаган эмгек менен тартиптин натыйжасы экенин далилдейт. Ал үчүн машыктыруучулук жаштардын мүнөзүн калыптандыруу, жоопкерчиликке үйрөтүү жана өзүнө ишенүүгө тарбиялоо.*

*Аял, эне жана окутуучу катары үч чоң жоопкерчиликти аркалаган Нурзат айым спортто аялдардын орду бар экенин иши менен көрсөтүп келет. Анын жетектеп келе жаткан командасы мээнеттин жыйынтыгы, кыргыз волейболунун келечегине кошулган салым.*

*Жеңиш бир күндө эле келбейт. Ал тартиптен, ишенимден жана тынымсыз эмгектен башталат.*










**Маектешкен: Зинагул Нуралиева**

# БИЛИМ МЕНЕН ЭМГЕКТИН АЙКАЛЫШЫ

Студенттик жылдар — бул жөн гана аудиторияда олтуруп лекция угуу эмес, бул өз тагдырыңды куруунун, кесипкөйлүккө кадам таштоонун жана жоопкерчиликти сезүүнүн өзгөчө мезгили. Айрым студенттер үчүн бул жол окуу менен гана чектелбейт. Алар алган билимин иш жүзүндө текшерип, эмгектин даамын эрте татышат. Бүгүн биз окуу менен ишти ийгиликтүү айкалыштырып, келечекке ишенимдүү кадам таштаган каармандарыбыз менен тааныштырабыз.

## Исламидин Топчубаев: *«Илим — бул сабырдуулукка тарбиялоо»*




Мен Топчубаев Исламидин, Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун 4-курсунун студентимин. 3-курсумдан бери «Зоология, экология жана биоинженерия» кафедрасында лаборант болуп эмгектенем.

Бул жылдар ичинде мен кесиптик жактан гана эмес, адамдык сапаттарым боюнча да өстүм. Өзүмдүн окутуучуларым менен бирге иштөө мага илимге болгон чыныгы мамилени, ишке берилгендикти жана тартипти үйрөттү. Бул жолдо мени окуткан мугалимдердин сабырдуулугу мен үчүн чоң мектеп болду. Алар ката кетиргенде сындоонун ордуна, анын себебин түшүндүрүп, туура багыт көрсөтүшөт. Мындай мамиле мага өзүмө болгон ишенимди жоготпоого жардам берет.

Илим жолуна эрте аралашуу мага дүйнөнү үстүртөн эмес, терең ойлонуп түшүнүүнү үйрөттү. Ар бир кубулуштун себеби бар экенин, тактык жана далил гана чыныгы жыйынтыкка алып келерин түшүндүм. Илим мени сабырдуулукка, сынчыл ой жүгүртүүгө жана өзүмө талапты күчөтүүгө тарбиялады. Студент болуп туруп иштөө — ар бир майда нерсенин артында чоң жоопкерчилик турарын сездирди. Биологияга болгон кызыгуум табияттын татаал түзүлүшүн түшүнүүгө болгон умтулуумдан башталган жана бүгүн ал менин келечегимдин негизи болуп калды.

Мен бүгүнкү эмгегимди «Өсүү» деген сөз менен мүнөздөйм. Күн сайын жаңы тажрыйба топтоп, теорияны практика менен айкалыштырып жатам. Ар бир күн — бул жаңы жоопкерчилик жана өзүмдү өркүндөтүү мүмкүнчүлүгү.



## Айзирек Жарашова: *«Мугалимдик — бул билимди жана мээримди бөлүшүү»*

Мен, Жарашова Айзирек, Химия багытында 4-курсунда окуйм. Азыркы учурда окуу менен бирге № 22 Салижан Шарипов атындагы мектепте химия жана биология мугалими болуп эмгектенем.

Алгачкы жумуш күндөрү бир тараптан университеттеги окуу, экинчи тараптан мектептеги мугалимдик жоопкерчилик бир топ кыйынчылыктарды жаратты. Анткен менен тынымсыз аракет жана өзүмө болгон ишенимдин артында бүгүнкү күндө жумушума да жетишип, окуумду да жогорку бааларга тапшырып жатам. Бир эле учурда билим алып, аны ошол замат кесипте колдонуу мага көптөгөн жаңы көндүмдөрдү үйрөттү. Окуучуларга сабакты ар түрдүү методдор менен кызыктуу өтүүгө тырышам.

Институттагы мугалимдерим дайыма колдоо көрсөтүп, кеп-кеңештерин айтып турушат. Студенттик жашоом сабакка катышуу менен эле чектелбейт. Мектепте иштөө — билимди бөлүшүүнүн жоопкерчилигин үйрөтсө, университеттеги окуу илимге болгон кызыгуумду терендетет. Илимий көргөзмөлөргө катышуу болсо теория менен практиканын ортосундагы көпүрө болуп, келечек кесибиме болгон ишенимимди бекемдейт. Мындан ары да өз кесибим менен иштеп, келечек муундарды химия илимине кызыктырып, аларга терең билим бергим келет.

## Макаш Сатыбалдыев:
## *«Дарыгердин негизги куралы — билим жана адамгерчилик»*




Мен Сатыбалдыев Макаш Асылбекович, учурда ОшМУнун Медицина факультетинин дарылоо иши бөлүмүндө 5-курста окуйм. Окуу менен катар Ош шаардык клиникалык ооруканасынын чоңдордун жугуштуу оорулар бөлүмүндө мед ага (медбрат) болуп эмгектенгениме быйыл эки жылдын жүзү болду.

Студенттик жашоо менен жумушту айкалыштырууну бир сөз менен айтканда, "Сулуулук курмандыкты талап кылат" деп мүнөздөйт элем. Кээ бир учурларда жаштыктын көңүл ачууларын, оюн-күлкүсүн, достор менен болгон кызыктуу жолугушууларды келечектеги кесиптик тажрыйба үчүн курмандыкка чалууга туура келет. Бир тараптан окууну, экинчи тараптан жоопкерчиликтүү жумушту алып кетүү чынында оңой эмес. Бирок мага ар дайым түшүнүү менен мамиле кылган окутуучуларымдын, иш жайымдагы жамааттын жана ата-энемдин салымы чоң экенин жашырбайм.

Чынын айтсам, алгач жумушум өтө чоң жоопкерчиликти талап кыларын билгенде, ичимде кооптонуу болду. "Туура эмес жасап алсамчы?" деп кыжаалат боло берчүмүн. Кудайга шүгүр, кесиптештеримдин жардамы менен бул коркунучтар артта калды. Мен үчүн студенттик парта менен бейтаптын ортосундагы башкы айырма — бул теория менен практиканын айкалышы. Партада биз оорулар жөнүндө окуйбуз, ал эми ооруканада ошол дарт менен алышкан адамдарды көрөбүз жана үйрөнгөн билимибиз менен аларды дарылайбыз.

Дарыгерди мен өмүр менен өлүм ортосундагы көпүрө катары элестетем. Ошондуктан медицинада окуган ар бир студент окуусуна олуттуу карашы керек. Студенттик кезди текке кетирбей, практикага көңүл буруу маанилүү. Анткени эртең биз бейтаптын тагдырына жооп беребиз. Ошондой эле, медицинада билимден да мурда адамгерчилик биринчи орунда турушу керек. Билимиң канчалык терең болбосун, эгер адамгерчилигиң жок болсо, ал эч нерсеге арзыбайт. Бейтап бизге үмүт менен келет. Жакшы сөз менен жылуу мамиле — дарыгердин эң биринчи куралы. Ар бир чечимдин артында адам тагдыры турганын сезүү мени жоопкерчиликке үйрөтүп, билимимди тереңдетүүгө чоң мотивация берүүдө.

Медицинанын максаты — ооруну гана эмес, оорулуунун социалдык-психологиялык бүтүндүгүн калыбына келтирүү. Окуу партасындагы идеалдуу клиникалык учурлар менен ооруканадагы реалдуу патологиялардын ортосундагы айырмачылык студентти критикалык ой жүгүртүүгө жана ыкчам чечим кабыл алууга мажбурлайт. Бул процесс келечектеги адистин клиникалык интуициясын курчутат. Медицина илими туруктуу эмес болгондуктан, ал динамикалык түрдө өнүгүп турат. Ошондуктан, студенттик кезден баштап маалыматты анализдөө, верификациялоо жана синтездөө көндүмдөрүн өздөштүрүү керек.

Демек, окуу менен ишти параллелдүү алып кетүү — бул убакытты текке кетирбөөнүн гана эмес, инсандык капиталды эрте калыптандыруунун эң татаал жана эң натыйжалуу жолу. Студенттик партадагы илимий изденүү менен оорукананын дубалындагы клиникалык жоопкерчилик бир максатка — адам өмүрүнүн сакчысы болууга багытталган. Бул жолдогу ар бир тоскоолдук — келечектеги ийгиликтүү дарыгердин интеллектуалдык куралы болуп саналат. Леонардо да Винчи айткандай: «Билимдүү болуу аздык кылат, аны колдоно билүү керек. Каалоо гана жетишсиз, иш жүзүндө аткаруу зарыл.»

## Аятхан Курбанбаева:
## *«Убакытты пландаган адам ийгиликке жетет»*



Мен, Курбанбаева Аятхан Нурбековна, ОшМУнун МФТИТ институтунун физика адистигинин 4-курсунда окуйм. Учурда өзүм билим алган окуу жайда лаборант болуп иштеп жатам.

Окуу менен ишти айкалыштыруу башында бир топ татаал болду. Убакытты туура бөлүштүрүү, сабактарга жетишүү жана жумуштагы милдеттерди так аткаруу оңойго турган жок. Бирок убакыт өтүшү менен күнүмдүк план түзүп, белгилүү бир тартипке көнүп калдым. Жумуш мага теориялык билимдерди практикада колдонууга сонун мүмкүнчүлүк берди. Кээ бир темаларды жумуш процессинде тереңирээк түшүнүп, сабакка болгон кызыгуум дагы артты.

Эң чоң кыйынчылык убакытты туура пайдалануу болду. Бирок ар бир ишти өз убагында бүтүрүп, план менен иштесең, баарына жетишсе болорун түшүндүм. Башында мени окуткан агай-эжелеримден бир аз тартынып жүрдүм, анткени алар мени студент катары баалап келишкен. Бирок кийин кесиптеш катары иштешип, алардын тажрыйбасынан көп нерсени үйрөнүү мен үчүн чыныгы кесиптик кубаныч болду. Үй-бүлөм да менин иштеп баштаганымды сыймыктануу менен кабыл алышты.

Окуп жатып иштөөнү каалаган студенттерге кеңешим — эң биринчи кезекте убакытты туура пландаштыруу. Сабакты биринчи орунга коюп, жумушту окууга тоскоол болбогондой тандаш керек. Ишти пландасаң, баарына убакыт жетет! Ошондой эле, ден соолукка жана эс алууга да убакыт бөлүү маанилүү экенин унутпагыла.

Университеттеги окуу үчүн өзүң жоопту болсоң, жумуштагы милдеттериң үчүн сени чоң жамаат баалайт. Бул тең салмактуулук инсанды эрте жетилтет. Ар бир кыйынчылык сени күчтүү кылат, ал эми ар бир туура пайдаланылган мүнөт сени кыялыңа жакындатат. Чыныгы ийгилик — бул таланттын эмес, тартиптин жана талыкпаган эмгектин натыйжасы.

**Алина Абдикеримова**

# ДИПЛОМ ҮЧҮН ЭМЕС, АДАМ ҮЧҮН

Айдай медицина факультетинин 4-курсунун студенти. Ал үчүн медицина — бул жөн гана татаал терминдердин, экзамендердеги жогорку баалардын же текчеде тизилип турган дипломдордун жыйындысы эмес. Бул — адам баласына кызмат кылуунун бейпил, бирок өтө жоопкерчериктүү жолу. Ал студенттик аудиториядагы теориялык илимди турмуштагы чыныгы боорукердик менен айкалыштыра билген студенттердин бири. Айдайдын түшүнүгүндө билим — бул талыкпаган эмгектин жемиши, ийгилик — сабырдуулуктун натыйжасы, ал эми кесипкөйлүк — бул эң биринчи кезекте адамгерчилик.

Бул маек жетишкендиктерди эле санап тим болбостон, жаш студенттерге маанилүү суроо калтырат: кесипти тандаганда биз ким болууну каалайбыз — жөн гана ийгиликтүүбү же коомго пайдалуубу?



***— Айдай, аймактык жана эл аралык медициналык олимпиадалардагы ийгиликтериңиздин артында кандай даярдык турат?***

— Менин баамдашымча, максатка жетүү үчүн эки гана нерсе керек: биринчиси — так маалымат, экинчиси — ичтен күйгөн жалындаган каалоо. Эгер ниетиңиз бекем болсо, бардык материалдык тоскоолдуктар, тышкы жагдайлар, атүгүл ата-энеңдин катаалдыгы да маанилүү болбой калат. Жараткан жашоонду ушундай иретке салат, сен ал ийгиликке кантип жеткениңди байкабай да каласың. Эл аралык олимпиадалар адамдын оюндагы максаттарын чоң электен өткөрөт. Мисалы, КММАда өткөн олимпиадада жүргөндө бир нерсени эстеп шок болдум: мен мектепте окуп жүргөндө эле «Медициналык академиядагы олимпиадага ОшМУнун атынан барам» деп өзүмө сөз берген экенмин. Ошол тилегимдин ишке ашканын сезгенде ичимден чоң толкундоо өттү.

Ал эми тартип тууралуу айтсам, мен «убакыт сенин маанайыңды, жалкоолугуңду же жеке көйгөйлөрүңдү сыйлабайт» деген принципти карманам. Ошондуктан күнүмдүк тапшырманы бүтүрмөйүнчө эч качан уктачу эмесмин. Таңкы саат 4тө колумдан түшкөн китептин дабышынан ойгонуп кеткен учурларым көп болду. Бул жеңиштер мага жаңы энергия берет. Максатка жеткендеги жеңилдик кийинки чоң иштерге жол ачат. Экинчиден, алган билимим үчүн Жараткандан сыйлык алам деген ишеним жаратат. Үчүнчүдөн, бул билим — өмүр бою мени менен кала турган жана мени мындан да бийик серелерге жетелей турган баа жеткис байлык.

***— «Узнай Россию» сыяктуу долбоорлор жана ар кандай форумдар сизге кесиптик өсүү жагынан эмне берди? Ошондой эле, спорт менен руханий туруктуулуктун ортосундагы байланышты кандай түшүндүрөсүз?***

— «Узнай Россию» долбоору мен үчүн жөн гана саякат эмес, чоң кесиптик жана инсандык өсүү болду. Кыргызстандын эң таланттуу студенттери менен беш күн бою Москвада болуу мени аябай шыктандырды. Мен ошол жерден бир нерсени түшүндүм: адам чындап өнүгүү үчүн эскирип калган тар түшүнүктөрүнөн арылып, дүйнөгө ачык болушу керек экен. Бул окуядан кийин жашоодо көбүрөөк билим алып, асыл сапаттарга ээ болууну башкы максат кылып калдым.

Форумдардан алган эки негизги инсайтым бар: биринчиси — мүмкүнчүлүктөрдү күтүүнүн кереги жок, биз ансыз деле мүмкүнчүлүктөр мейкиндигиндебиз. Аларды колго алуу үчүн өз тармагында гана күчтүү болушуң керек. Экинчиси — «эл эмне дейт» деп коркуунун кереги жок. Элдин ойлогону — бул дайыма эле чындык дегенди билдирбейт.

Бул жерде спорттун да орду чоң. Келечектеги дарыгер катары спорт адамдын ажырагыс бөлүгү экенин түшүндүм. Денеңде күч болмоюн, руханий туруктуулук жөнүндө ойлонбой эле койсо болот. Спорт адамды «мээни жеген» керексиз ойлордон, депрессиядан арылтат. Дүйнөдөгү эң мыкты профессорлор айткандай, бир дагы дары-дармек спорт сыяктуу табигый пайда алып келе албайт. Менин ийгилигим — өзүмдү башкалар менен салыштырбай калганым. Жашоомдогу кыйынчылыктарды да бактылуу күндөрдөй эле шүгүрчүлүк менен кабыл ала баштаганым — мен үчүн эң чоң жеңиш.

***— Жетишкендиктердин артындагы эң оор сыноолор кайсылар болду? Эгер дипломдорду алып салсак, сиздин дарыгер катары негизги баалуулугуңуз эмнеде?***

— Сырттан караганда баары оңой сезилиши мүмкүн, бирок эң оор нерсе — ар бир кыйынчылыктын артында бизди кыялыбызга алып бара турган бир жакшылык жатканын ички туюм менен сезип, ага чыдоо болду. Медициналык факультеттеги окуу, моргго баруу, адамдын органдарын колго кармап көрүү мени тирүүлүктү баалоого үйрөттү. Мен кыйналгандан рахат алып калдым, анткени артында сонун нерсе турарын билем. Атүгүл бир жыл мурун ийнеден корккон кыз болсом, кийин операция столуна жылмайып жатып бердим. Өлүм менен өмүрдүн ортосундагы сезимдер мени бышырды.

Эгер бардык байге, дипломдорду алып салсак, мени дарыгер катары билимимм жана адамды чын дилимден жакшы көрүп, жан тартып дарылоом аныктап турат. Кылган жардамым үчүн адамдардан акча же белек эмес, Жаратандын ыраазычылыгын күтүү — менин башкы миссиям. Мен жакшы окуу менен чыныгы дарыгер болууну бөлүп карабайм. Теориясыз практикада эмне кылып жатканыңды түшүнө албайсың. Мыкты уста гана ар бир кыймылдын маанисин билет.

***— Сизди волонтёрлукка эмне жетеледи жана табият койнунда жүргөндө өзүңүзгө кандай суроолорду бересиз?***

— Мен өзүмдү өстүрүү жолуна түшүп, дүйнөгө жүрөгүмдү ачкандан кийин гана волонтёр болууну чечтим. Бул — ички муктаждык. Ал эми тоолордо, табият койнунда жүргөндө: «Мен эртең жердин астына көмүлүп, Жаратандын алдына барганда кандай абалда болом?» деген суроо мени көп ойлондурат.

Сиз бир нерсени чындап каалашыңыз керек, колуңуздан келгендин баарын жасап, анан Кудайдан мүмкүн эмес нерсени сураңыз. Эң негизгиси — Ага толук ишеним менен аракет кылуу. Менин азыркы эң чоң ниетим — өзүмдү инсан катары толугу менен кабыл алуу жана Куранды окуп, Ислам динин болушунча терең өздөштүрүп, ошол билимди жашоомо сиңирүү. Менин принцибим бир гана — тирүүлүктү барктоо жана ар бир секундду шүгүрсүздүккө коротпоо.

**Алина Абдикеримова**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# «ИШКЕ АШСА КЫЯЛДАР» ДЕГЕН БИЗДЕ ПЛАН БАР



Сезимай - жүрөгүндө чоң кыялды алып жүргөн, ошол эле учурда келечегин акыл менен куруп жаткан жаш студент. Ал кичинекейинен эле кыялкеч мүнөзү менен айырмаланып, ар дайым өзүн башка дүйнөдө элестеткенди жактырат. Кыялдануу анын жашоосунун ажырагыс бөлүгүнө айланган. Анткени дал ошол кыялдар Сезимайды алдыга умтултуп, өзүнө ишенүүгө үйрөткөн. Жаш кезинен актрисалыкка кызыккан Сезимай төмөнкүлөрдү айтып берди.

## Күзгү алдындагы балалык

Менин эң алгачкы сахнам – үйдөгү кичинекей күзгү болчу. 5-6 жаштагы секелек кыздын экрандагы каармандарды туурап, үнүн өзгөртүп, көз карашын кубултуп жатканын көргөн адам жөн гана оюн деп ойлошу мүмкүн эле. Бирок ал мен үчүн оюн эмес, ички дүйнөмдүн сыртка чыгуусу, алгачкы ролум болчу. Кечкисин үй-бүлөбүз менен сериал көрүп, актрисалардын чеберчилигин талкуулап жатканда: "Ата-энем мени да ушинтип экрандан көрүп, сыймыктанар бекен?" деген кыял жүрөгүмө бекем уялап калыптыр. Ошол күндөн тарта актриса болуу менин эң бийик максатым болуп калды.

## Тил үйрөнүү — дүйнөгө баштаган жол

Бирок жашоо бир гана сезимдерден эмес, акыл менен тандалган чечимдерден да куралат экен. Мектепти бүткөндө мен чет тилдер мугалими адистигин тандадым. Кээ бирөөлөр: "Актриса болгуң келсе, эмнеге тилчи болосуң?" деп таң калышы мүмкүн. Мен үчүн тил билүү – бул жөн гана сөздөрдү жаттоо эмес, бул башка маданиятка, башка элдин жашоо образына ачылган чоң эшик. Ар бир жаңы үйрөнгөн сөзүм мен үчүн жаңы мүмкүнчүлүктүн башаты. Мугалимдик кесип мага туруктуулук менен тереңдикти берсе, чет тилдери келечекте актрисалык кыялыма эл аралык деңгээлде жол ача турган ачкыч болот деп ишенем.

Окуу учурунда образга тез киргенимди, эмоцияны жеткире аларымды башкалар да байкай башташты. Кызыгы, мага коркунучтуу, сырдуу жана татаал мүнөздөгү каармандар абдан жакын. Мындай образдарды аткарганда өзүмдү эркин сезем, ички дүйнөмдөгү буктар ачылгандай болот. Балким, бул менин назик көрүнгөнүм менен, ичимде жаткан күчтүү эрктин белгисидир.

## Үй-бүлөм — менин таянычым

Адам канчалык кыялкеч болбосун, аны колдогон жакындары жок болсо, канаттары эртерээк талып калышы мүмкүн. Менин үй-бүлөм кыялдарымды балалык фантазия катары эмес, олуттуу максат катары кабыл алганы мага чоң дем берет. "Өз жолуңду тап, бирок аны чын дилден сүй" деген ата-энемдин кеңеши — менин жашоомдогу башкы компасым.

## Кыял деген эмне?

Кыял – бул жөн эле элес эмес. Бул бизди эртең менен эрте ойготуп, алдыга сүрөгөн, кыйынчылыктарда жыгылтпай кармап турган улуу күч. Мен келечекте өз кесибинин мыкты адиси, чет тилдерде эркин сүйлөгөн интеллектуал мугалим жана ошол эле учурда чыгармачылыгын өчүрбөгөн актриса болгум келет.

Балким, мен мугалимдик менен актрисалыкты айкалыштырган өзүмө гана таандык жаңы жолду табармын. Эң башкысы – жасаган ишинден ырахат алуу жана коомго пайданды тийгизүү.

Эсиңизде болсун: кыялдануу бекер, бирок ал сени бийиктиктерге жеткире турган жалгыз жол. Андыктан, кыялдануудан эч качан коркпоңуз!



Айганыш Нурлан кызы

# 25 ЛЕТ ЮРИДИЧЕСКОЙ КЛИНИКЕ ТАШКЕНТСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО ЮРИДИЧЕСКОГО УНИВЕРСИТЕТА: ПРАКТИКА, ТЕХНОЛ ОГИИ И ПРАВОВОЕ СОЗНАНИЕ



26–27 ноября 2025 года в Ташкентском государственном юридическом университете состоялась международная конференция на тему «Клиническое юридическое образование: практика, технологии и правовое сознание», посвящённая 25-летию деятельности Юридической клиники. Конференция была организована на основании приказа Министра юстиции Республики Узбекистан от 17 октября 2025 года № 383-ум и стала первой в истории Юридической клиники масштабным международным научно-практическим мероприятием.

Основной целью конференции стало подведение итогов 25-летней деятельности Юридической клиники Ташкентского государственного юридического университета, демонстрация её роли в оказании бесплатной юридической помощи социально уязвимым слоям населения, подготовке высококвалифицированных юристов, а также в повышении уровня правового сознания и правовой культуры в обществе. Наряду с этим в числе ключевых задач были обозначены повышение престижа и признание модели клинического юридического образования, укрепление сотрудничества с государственными органами, выпускниками, негосударственными и международными организациями, а также широкое внедрение деятельности юридических клиник на территории Республики Узбекистан. В рамках конференции в качестве основных ценностей были выдвинуты доступ к правосудию, вклад юридических клиник в развитие юридического образования, профессиональная этика, профессионализм и волонтёрство, а также открытость, инновационность и социальная ответственность.

Мероприятие прошло в 3-м корпусе Ташкентского государственного юридического университета. В первый день конференции — 26 ноября — в утреннее время состоялась торжественная церемония открытия с участием руководства университета, представителей Министерства юстиции Республики Узбекистан и зарубежных гостей. Во второй половине дня в библиотеке университета и аудитории № 234 были организованы параллельные научно-практические сессии. 27 ноября в первой половине дня работа сессий была продолжена, а во второй половине дня для участников конференции была организована экскурсионная программа в Дом негосударственных некоммерческих организаций, в том числе в Общенациональное движение «Yuksalish», Ассоциацию инвалидов Республики Узбекистан, а также в Юридическую клинику Университета мировой экономики и дипломатии (УМЭД).

Основными организаторами конференции выступили Юридическая клиника Ташкентского государственного юридического университета и Министерство юстиции Республики Узбекистан. В качестве партнёрской организации активное участие приняла BLG Law Firm. Финансирование мероприятия осуществлялось за счёт средств университета, TSUL Endowment Fund, а также при поддержке BLG Law Firm.

В работе конференции приняли участие около 150 человек, из которых 89 участников присутствовали в очном формате, остальные подключились в онлайн-режиме посредством платформы Zoom. В рамках мероприятия 52 спикера выступили с докладами, презентации были представлены на узбекском, русском и английском языках. В конференции наряду с представителями высших учебных заведений Республики Узбекистан приняли участие представители юридических клиник и университетов из Казахстана, Кыргызстана, Российской Федерации, Республики Корея, Великобритании, Польши, Турции, Индии, США и Украины. В частности, участие приняли представители University of Sussex (Великобритания), Ajou University (Республика Корея),





*(Продолжение на следующей странице)*

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg



Казахского национального университета имени аль-Фараби, Университета имени Д. А. Кунаева, Turan University, London South Bank University, Гданьского университета (Польша), Ambedkar National University (Индия) и других престижных зарубежных образовательных учреждений. В частности, делегация отделения «Правоведение и правоохранительная деятельность» Ошского государственного университета, являющегося одним из наших партнёров, приняла активное участие в работе конференции. В состав делегации вошли заведующая отделением Айнура Камиловна Орозбаева, а также выступившая с научным докладом Гульмира Назаркуловна Орозбаева, а также Рахат Жуматаева, Айсулуу Жээнбаева и Жылдыз Шерматова.

Среди узбекистанских участников были представлены Ташкентский государственный юридический университет, Университет мировой экономики и дипломатии, Андижанский институт сельского хозяйства и агротехнологий, Термезский государственный университет, Каракалпакский государственный университет имени Бердаха, Бухарский государственный университет, Университет общественной безопасности, Национальный университет Узбекистана, Международная исламская академия Узбекистана, Ташкентский государственный аграрный университет, Cyber University, а также ряд государственных органов, негосударственных некоммерческих организаций и юридических фирм.

В ходе конференции в качестве наиболее значимых тем были обсуждены цифровизация клинического юридического образования, инновационные методы обучения, социальная значимость юридических клиник, развитие волонтёрской деятельности студентов и формирование профессиональных компетенций. Панельные дискуссии, презентации и практические сессии проводились в интерактивном формате. По итогам мероприятия от всех спикеров были получены предложения по дальнейшему сотрудничеству и совершенствованию клинического юридического образования.

По результатам конференции были достигнуты важные договорённости, направленные на укрепление сотрудничества между юридическими клиниками, обмен опытом и реализацию совместных проектов. В частности, Ташкентским государственным юридическим университетом были подписаны меморандумы о взаимном сотрудничестве с Cyber University (Кибер-университетом), Университетом Центральной Азии по изучению окружающей среды и изменения климата (Green University), Ассоциацией инвалидов Республики Узбекистан, а также с негосударственной некоммерческой организацией «Mehr va Oqibat». Указанные соглашения послужили основой для выдвижения ряда важных инициатив, направленных на дальнейшее развитие деятельности







Юридической клиники, создание новых образовательных и практических возможностей для студентов, а также расширение сети региональных юридических клиник.

Конференция получила широкое освещение в средствах массовой информации. Так, на телеканале «O'zbekiston 24» были показаны два интервью, а также опубликованы статьи в газетах «Inson va qonun» и «Ma'rifat». Отдел по связям с общественностью и средствами массовой информации университета совместно с командой медиа-волонтёров подготовили фото- и видеоматериалы, которые регулярно размещались в социальных сетях Юридической клиники.

Организационные работы были проведены на высоком уровне. Была сформирована организационная группа из числа сотрудников университета и волонтёров Юридической клиники, между которыми были чётко распределены обязанности по регистрации участников, встрече гостей, техническому обеспечению, координации сессий, медийному сопровождению, организации питания, экскурсионной программы и другим направлениям. Активное участие волонтёров сыграло ключевую роль в успешном проведении конференции.

В целом, данная международная конференция была проведена на высоком научно-практическом уровне и стала эффективной площадкой для обмена опытом в сфере клинического юридического образования, укрепления профессиональных связей и формирования новых инициатив. Конференция достойно отразила 25-летний путь развития Юридической клиники и заложила важную стратегическую основу для её дальнейшего развития.

***Холисхон Умарова***
***Преподаватель Ташкентского государственного юридического университета***

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg



# ТАНДООМ КӨЗ КАРАШЫМДЫ ӨЗГӨРТТҮ

Адам баласынын тагдыры ал жасаган тандоолордон куралат. Кээде чечим кабыл алуу оңойго турса, кээде өмүр бою өкүнбөй тургандай кадам таштоо өтө чоң жоопкерчиликти талап кылат. Мен дагы мектеп босогосун аттап жатып, келечектеги жолумду аныктоодо чоң сыноого туш болдум. Жакындарым мени “котормочу же дарыгер бол” деп багытташканы менен, жүрөгүмдүн түпкүрүндө башка максат жаткан эле. Мен адам менен өмүр бою чогуу боло турган, анын ички дүйнөсүнө жарык чача турган кесипти — мугалимдикти тандадым.



Арадан көп убакыт өтпөй, кыргыз тили жана адабияты адистигинин студенти аталдым. Башында "өз эне тилим, кыйналбайм" деген ойдо элем. Бирок илимдин тереңине кирген сайын, кыргыз тили оозго жеңил болгону менен, ишке келгенде аябай татаал экенин түшүндүм. 1-курста эле кыргыз элинин сөз байлыгына, каада-салтынын тереңдигине таң калып, өзүмдүн билимимдин тайыздыгын сездим.

Бир эле тамганын биз билбеген сырлары: жаакка карай, эринге карай үндөшүү мыйзамдарын аңдап билүү өзүнчө бир дүйнө экен. Ошол учурларда "башка кесипке которулуп кетсемби?" деген күмөн ойлор да келбей койгон жок. Бирок, кесибимдин ысык-суугуна чыдоого бел байлап, изденип, тобокелчиликтерге барып, окуумду уланттым.

## Практика — турмуштун мектеби


2-курста айылга практикага бардым. Класстагы 30 окуучу — бул 30 башка дүйнө, 30 башка мүнөз. Жаш болгондуктан, жогорку класстардын "тоготпогон" көз караштарына туш болдум. Ал эми 5-6-класстын окуучулары кызыктуу оюндар менен сабакка тартып жаттым.

Ошондо түшүндүм: мугалимдик — бул жөн гана тема түшүндүрүү эмес, бул бирөөнүн баласын өз баладай бапестеп, мээрим төгүп, адам кылып тарбиялоо экен. Алдымда чет өлкөгө кетип же башка жеңил жумуш табуу мүмкүнчүлүгү турса да, Айтматов менен Касымбековдой алптарды тарбиялаган бул улуу кесипти таштап кете алган жокмун.

## Жаңылыш пикир

Коомдо «ЖРТден өтпөй калсаң эле мугалимдикке тапшырасың» -деген ой акырындан тамыр жайып кетти. Бул сөз бир караганда жөн гана тамаша же кайдыгер пикир болуп көрүнгөнү менен, анын артында терең социалдык маселе жатат. Анткени мугалимдик кесип – бул жөн гана диплом алуу же жумушка орношуу эмес, бул адам тагдырын калыптандыруучу улуу жоопкерчилик.

Мугалим болуу — күн сайын бир эле теманы кайталап айтуу эмес. Бул — ар бир баланын ички дүйнөсүнө жол табуу, анын мүмкүнчүлүгүн көрө билүү, кээде ата-энеден да мурда анын жан дүйнөсүндөгү жараканы сезүү. Сабактан кийин да мугалимдин иши бүтпөйт: дептер текшерүү, сабакка даярдануу, план түзүү, баланын жүрүм-турумуна анализ жүргүзүү — мунун баары көзгө көрүнбөгөн,



бирок күчтүү эмгек.

Коом мугалимди көп учурда талап кылуучу тарап катары көрөт. “Сапаттуу билим берсин”, “тарбияласын”, “баламды адам кылсын”- дейбиз. Бирок ошол мугалимдин шартын, айлыгын, моралдык колдоосун ойлонгонубуз сейрек. Мугалимге коюлган талап чоң, ал эми берилген мүмкүнчүлүк аз. Мына ошондуктан бул кесипти жеңил деп айтууга эч кандай негиз жок.

Чыныгы мугалим — бул сабырдуу психолог, акылман насаатчы, коомдун күзгүсү. Ал өзүнүн жеке маселесин класстын босогосунан сыртта калтырып, балдарга жылмайып кирүүгө аргасыз. Бул — руханий жактан эң оор кесиптердин бири.

## Кесиптин келечеги

Коом кандай болсо, анын келечеги да ошондой. Ал келечекти калыптандырган негизги күч — мугалим. Ошондуктан мугалимдик кесиптин келечеги мамлекеттин келечеги менен түздөн-түз байланышта.

Бүгүнкү күндө технология өнүгүп, жасалма интеллект, онлайн билим берүү кеңири жайылып жатат. Кээ бирөөлөр “келечекте мугалимдин кереги калбайт”- деп ойлошу мүмкүн. Бирок бул — чоң жаңылыштык. Анткени технология маалымат бере алат, бирок тарбия бере албайт. Экран балага адамдык баалуулукту, боорукерликти, жоопкерчиликти үйрөтө албайт.

Мугалимдик кесиптин келечеги — анын кадыр-баркы көтөрүлгөндө гана жарык болот. Эгер мугалимдин эмгеги татыктуу бааланып, социалдык коргоо күчөтүлсө, бул

(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык бул - ЖИГЕР! НУР Студенттердин коомдук-маданий гезити @oshsu.kg www.oshsu.kg

кесипке чыныгы таланттуу жаштар келет. Ал эми таланттуу мугалим — сапаттуу билимдин негизи.

Ошол эле учурда мугалимдин өзү да заман менен бирге өзгөрүшү керек. Билимди жөн гана айтып берүү эмес, аны кызыктуу, түшүнүктүү, жашоого пайдалуу кылып жеткирүү — келечектеги мугалимдин башкы милдети. Демек, мугалимдик кесиптин келечеги бар, бирок ал келечек өзүнөн-өзү келбейт. Аны бүгүнкү чечимдер, бүгүнкү мамиле аныктайт.

## Жаштардын көз карашы

Бүгүнкү жаштар мугалимдик кесипке ар түрдүү көз карашта. Айрымдары үчүн бул — бала кезден берки кыял. Айрымдары үчүн — аргасыз тандоо. Тилекке каршы, көпчүлүк жаштар мугалимдикти "акчасы аз, түйшүгү көп" кесип катары кабыл алышат.

Бул көз караш кайдан пайда болду? Себеби, жаштар мугалимдин коомдогу абалын көрүп жатышат. Алар мугалимдин канчалык көп иштеп, канчалык аз бааланганын байкашат. Мындай шартта ар бир жаш "менин келечегим кандай болот?" деп суроо бергени мыйзам ченемдүү.

Ошол эле учурда мугалимдикти тандаган жаштардын арасында өз ишине берилген, идеалист, коомду өзгөртүүгө умтулган адамдар бар. Алар үчүн мугалимдик — жөн гана жумуш эмес, миссия. Мындай жаштар үмүттүн белгиси.

Жаштардын мугалимдикке болгон көз карашын өзгөртүү үчүн, алгач мугалимдин абалын өзгөртүү керек. Анткени жаштар сөзгө эмес, мисалга ишенет. Эгер мугалим коомдо сыйланган, өз эмгеги менен татыктуу жашай алган инсан болсо, жаштар бул кесипке өздөрү эле умтулат.


## Ата-эненин ишеними

Ата-эне менен мугалим — бир максатты көздөгөн эки тарап. Ал максат — баланын келечеги. Бирок акыркы жылдары бул эки тараптын ортосунда түшүнбөстүк көбөйдү.

Айрым ата-энелер мугалимди баланын бардык кемчилиги үчүн күнөөлөшөт. "Тарбия бербей жатат", "сабакты туура өтпөйт" деген дооматтар көп айтылат. Бирок ошол эле учурда ата-эне өзүнүн жоопкерчилигин унутуп койгон учурлар да жок эмес.

Чындыгында, бала тарбиясы — мугалим менен ата-эненин орток иши. Мугалим мектепте канча аракет кылбасын, эгер үйдө колдоо болбосо, жыйынтык болбойт. Ата-эне мугалимди душман эмес, өнөктөш катары көргөндө гана билим берүү системасы алдыга жылат.

Мугалимге ишеним көрсөтүлгөн жерде, ал да өз ишине эки эсе берилет. Ал эми дайыма шек саналып, басымга алынган мугалимден жогорку жыйынтык күтүү кыйын. Ошондуктан ата-эне менен мугалимдин ортосунда сый-урмат, түшүнүү жана кызматташтык болушу зарыл.




Азыркы технология өнүккөн заманда "Глобалдык тармак баарын үйрөтөт" деген түшүнүк калыптанып калды. Ооба, маалыматты интернеттен тапса болот, бирок ал маалыматты билимге, ал эми билимди акылмандыкка айлантуу үчүн мугалимдин тирүү үнү керек. Компьютер эч качан окуучунун көзүндөгү муңду байкай албайт же анын кичинекей ийгилигине кошо сүйүнүп, шыктандыра албайт. Демек, келечектин мугалими — бул технологияны мыкты өздөштүргөн, бирок адамдык касиетин биринчи орунга койгон инсан болуусу керек.

## Эне тили — улуттун жүрөгү

Кыргыз тили жана адабияты адистигин тандаган студент катары, бул багыттын маанилүүлүгүн баса белгилегим келет. Тил — бул жөн гана баарлашуу куралы эмес, бул улуттун коду, тарыхы жана духу. Бүгүнкү глобалдашуу заманында өз эне тилибизди терең билүү жана аны келечек муунга сапаттуу жеткирүү — бул стратегиялык миссия. Адабият аркылуу биз окуучуларга адеп-ахлакты, мекенчилдикти жана адамгерчиликти үйрөтөбүз. Чыңгыз Айтматовдун ааламын, "Манас" эпосунун улуулугун баланын жүрөгүнө жеткирүү — бул кыргыз тили мугалиминин эң чоң сыймыгы жана жоопкерчилиги.

## Мугалимдин имиджи — коомдун күзгүсү

Мугалимдин сырткы келбети, сүйлөгөн сөзү жана жүрүм-туруму окуучу үчүн үлгү. Биз, болочоктогу мугалимдер, коомдогу эң маданияттуу катмар болушубуз шарт. Мугалим — бул дипломдуу адис эле эмес, ал эстетиканын, этиканын жана интеллектуалдык бийиктиктин символу болууга тийиш. Өзүнүн үстүнөн иштеген, заманбап адабияттарды окуган, дүйнө таанымы кенен мугалимди гана окуучулар сыйлайт жана анын артынан ээрчийт. Кесипке болгон сый-урматты биз, эң оболу, өзүбүздөн башташыбыз керек.


## Тандоодон — тагдырга

Жыйынтыктап айтканда, менин мугалимдик кесипти тандаганым — бул жөн гана кесип тандоо эмес, бул жашоо образын жана баалуулуктарды тандоо болду. Ооба, бул жол татаал, түйшүктүү, бирок ошол эле учурда чексиз бакыт тартуулаган жол. Окуучумдун жаркыраган көздөрүнөн өз эмгегимдин үзүрүн көргөндө, бардык кыйынчылыктар унутулат. Мен тандаган жол — менин көз карашымды гана эмес, менин бүтүндөй дүйнөмдү өзгөрттү. Мен мугалим болгонум менен сыймыктанам жана бул улуу көчтүн татыктуу улантуучусу болууга убада берем.

*Айдай Базарбай кызы*

*Филология жана маданияттар аралык коммуникация институту*

*Кыргыз тили жана адабияты мугалими адиси, 4-курс*



**Айганыш Нурлан кызы**

# ЭТИМОЛОГИЯ

Этимология – (грек сөзү "etmymon" – "чындык" жана "logos" – "илим", "окуу") сөздөрдүн чыгыш тегин, анын кайсы тилдерден кабыл алынгандыгын тарыхый жактан изилдейт. Күнүмдүк жашообузда колдонуп жүргөн сөздөрүбүздүн түпкү тегине маани бере бербейт экенбиз. Биз пайдаланып эле жүргөн айрым сөздөрдүн тарыхына көз жүгүрттүк, балким сизге да кызыкдыр.

## ГЕЗИТ

Италиялык «gazzetta» (газетта) сөзүнөн келип чыккан. 16-кылымда Венецияда маалымат баракчалары сатыла баштаган. Анын баасы 1 «газетта» (эң майда италия тыйыны) турган. Адамдар «бир газетталык жаңылык берчи» деп сурап жатып, бара-бара басылманын өзү «Газета» аталып калган.



## КАЛЕМ

Бул сөздүн тарыхы байыркы өсүмдүктөргө барып такалат. Араб тилиндеги «калам» сөзүнөн келип чыккан. Ал эми арабдарга гректердин «kalamos» деген сөзүнөн өткөн. Байыркы убакта адамдар камыштын сабагын учтап, сыяга малып жазышкан. Грек тилинде «kalamos» — «камыш» дегенди билдирет. Демек, бүгүнкү биз колдонгон заманбап калемдердин түпкү теги — жөнөкөй эле камыш.



## КАПУСТА

Бул сөздүн «баш» менен түздөн-түз байланышы бар. Латын тилиндеги «caput» (капут) сөзүнөн келип чыккан. Латынча «caput» — «баш» дегенди билдирет. Капустанын формасы адамдын башына окшош болгондуктан ушундай аталган. Кызыктуусу, англис тилиндеги «captain» (капитан — кеменин башы), атүгүл «capital» (капитал — негизги сумма) сөздөрү да ушул «баш» деген тамырдан тараган.



## ТЕХНОЛОГИЯ

«Технология» сөзү грек тилинен алынган. Грекче techne — искусство, өнөр, көндүм, ал эми logos — илим, сөз, илимий изилдөө дегенди билдирет. Ошентип, technologia — «өнөрдүн илими» же «өнөрдү илимий негизде колдонуу» деген маанини алган. Азыркы учурда бул сөз кеңейип, жасалма буюмдарды, процесстерди жана ыкмаларды илимий принциптер менен колдонуу дегенди түшүндүрөт.

## АЛГОРИТМ

Бул сөз биздин заманбап санарип дүйнөбүздүн негизи, бирок анын тамыры орто кылымдагы Чыгышка барат. Улуу окумуштуу Абу Абдуллах Мухаммед ибн Муса ал-Хорезминин ысымынан келип чыккан. Орто кылымда Европа илимпоздору ал-Хорезминин математикалык эмгектерин латын тилине которушканда, анын атын «Algoritmi» деп жазышкан. Убакыттын өтүшү менен бул термин кадамдык эсептөө тартибинин аталышына айланган.



## МЕКТЕП

Бул сөз билим гана эмес, жазуу процессинин өзүн түшүндүрөт. Мектеп — бул сөз арабча «жазуу» деген маанини билдирген «кат», «китеп» деген сөздөр менен тамырлаш. Түпкү мааниси — «кат жазуу үйрөтүлүүчү жай». Биздин тилде бул сөз билим берүүчү имараттын жалпы аталышы катары бекемделген.

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айганыш Нурлан кызы

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу
Ж. Орозматова

**Редакциялык топ:**
Эльнура Кудайбердиева
Сарбиназ Эркинбаева
Таттыбүбү Гуламова
Алина Абдикеримова
Гүлзар Максытали кызы
Айжан Досатова

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902